Кыргыз Республикасынын Борбордук
шайлоо комиссиясынын төрагасы
Н.К.Шайлдабековага
Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кеңешинин депутаттарынан

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 11-июлундагы №98 "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 17-беренесинин 2 пункутунда даана жазылып,**талапкер көрсөтүлгөн күндөн тартып шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин кызмат орундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтото турат,**деп баса белгиленип ушул эле пункттун 3 пунктчасы менен Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 09-март 2022-жылдын №06 буйругу менен Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин төрагасы С.Кудайбердиев **2022-жылдын 09-мартынан 14-мартына чейин** кызматтык ыйгарым укуктарын убактылуу токтотуп,ошол эле мезгилде **дагы бир депутаттыкка талапкер Рахманов Адисбек Жияналиевичке мыйзамды одоно бузуу** менен шаардык Кеңештин төрагасынын милдетин убактылуу аткаруу жагы жүктөлгөн буйрук чыгарган. (Тиркеме 1 барак)

С.Кудайбердиевдин "09" март 2022-жылдагы буйругунун негизинде 10.03.2022-жылы **Рахманов Адисбек Жияналиевич** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин 34- сессиясына мыйзамсыз төрагалык кылып,сессияны өткөргөн.Ал эми ушул эле мыйзамдын 17 беренесинин 4 пунктунда "Талапкерлер,же болбосо алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү,саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аймактык шайлоо комиссиясына талапкерлерди көрсөткөн күндөн баштап **5 календарлык күндөн кечиктирбестен** тиешелүү буйруктардын (тиркемелердин) күбөлөндүргөн көчүрмөлөрүн ,талапкердин тизмесин берет"деп көрсөтүлүп турат.Аталган берене Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин төрагасы С.Кудайбердиев тарабынан бузулгандыгы айкын болуп турат.Себеби, Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттыгына талапкерди көрсөтүү 2022-жылдын 28-февралынын 24:00 саатында токтотулса ,ал эми С.Кудайбердиев өз талапкерлигин " Жаштар" саясий партиясынан шаардык Кеңештин депутаттыгына көрсөткөндөн **9 календарлык күн өткөндөн кийин** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин төрагалыгынын кызмат укуктарын токтотуп туруу боюнча буйрук чыгарып жатат.Тагыраак айтканда 4 календарлык күн ашыкча иштеген.

Мындан сырткары ушул эле мыйзамдын 17-беренесинин 2 пункутунда **талапкер көрсөтүлгөн күндөн тартып шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин** кызмат орундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтото турат деп көрсөтүлсө,Таш-Көмүр шаардык депутаттар

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-14/587
"15" 03 20 22ж/г

Кеңешинин төрагасы С.Кудайбердиев **2022-жылдын 09-мартынан 14-мартына** чейин кызматтык ыйгарым укуктарын убактылуу токтотуп туруу боюнча буйрук чыгарып,шайлоо башталганга чейин кайрадан кызмат ордуна келүүдө.Мыйзам боюнча Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешине шайлоонун жыйынтыгы 2022-жылдын 10-апрелинде аныкталат. Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам бузуу фактыларынын негизинде Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин депутаттыгына "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевке Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 11-июлундагы №98 "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 17-беренесинин талаптарына ылайык, шайлоодон четтетүү боюнча мыйзамдуу чара көрүлүшүн сурайбыз.

Шералиева А. 0773327319
Куполов. М. 0778281314.
Мырзаканов Н.Р. 0776522954
Мамасалиева А.Т. 0778298220
Сагдагалиева С.О 0774 63 70-48
Шабданова А 771255968
Тостоков К. 0770220096.

14.03.2022-ж.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

*« 09 » март 2022-ж.*

№ 06

*Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50070, 50058
факс (0 3745) 50052.
e-mail: gorkenesh@ mail.ru*

**БУЙРУК
РАСПОРЯЖЕНИЕ**

&3

Кудайбердиев Сагынбек Токтосунович – шаардык Кенештин төрагасы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кенештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" №31 ПЖ Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кенештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 2 жана 3 –пункттарынын негизинде, 2022-жылдын 09-мартынан 14-мартына чейин кызматтык ыйгарым укуктарымды аткарууну убактылуу токтотуп жаткандыгыма байланыштуу, төраганын орун басары Рахманов Адисбек Жияналиевичке шаардык Кенешинин төрагасынын милдетин убактылуу аткаруу жагы жүктөлсүн.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кенешинин төрагасы С.Кудайбердиев